# ФЫТРАТ (ЖАРАТЫЛЫШ, КУЛК МҮНӨЗ) ЖАНА АНЫН ТЕГЕРЕГИНДЕ ХАДИСТЕРГЕ КӨЗ ЖҮГҮРТҮҮ

Yrd. Doç. Dr. Selçuk Coşkun*

Ислам дининин эки негизги булактарынан бири Куран, экинчиси болсо сүннөт. Мусулмандар алгач Куранды түшүнүүгө аракеттенишкен. Сүннөт канчалык жакшы түшүнүлсө Куран да ошончолук жакшы түшүнүлгөн.

Биз бул пикир менен, эмгегибизде (изилдөөбүздө, Куранда бир гана жолу болуп өткөн, бирок Пайгамбарыбыздын осуяттарында көп жолу кайталанган «фытрат» сөзүнүн түшүнүгүнүн үстүндө турабыз. Бул жерде алгач «Фытрат» сөзү кездешкен аят жана хадистерден кээ бир мисалдарды келтиребиз. Кийинчерээк бул түшүнүктү анализдейбиз. Айрыкча бул түшүнүктөн хадис критикалоолорунан кандайча пайдалануу керек экендиги жөнүндө болмокчу.

## а) Аят жана хадистерде «Фытрат» түшүнүгү жана ага анализ

### а.1 Куранда «Фытрат» түшүнүгү

«Фытрат» түшүнүгү Куранда бир гана аятта өтөт жана төмөндөгүчө айтылган: "Демек (эй Мухаммед), өзүңдү дайыма туура болгон динде (исламда) карма! Алла инсандарды жараткан табигый жаратылышты сактагыла! Алланын жаратылышы өзгөрбөйт. Эң туура дин мына ушул. Бирок көп адамдар билишпейт»[1]

Кураны Керимде өткөн бул түшүнүктү аалымдар (тефсирчилер) хадистер менен бирге колго алышкан жана анализдешкен. Биз дагы ушул эле методду колдонуп, теманын жалпылыгы жагынан ылайык көрөбүз.

Ичинде «Фытрат» түшүнүгү өткөн хадистерди да атап, андан кийин «фытрат» түшүнүгүнө анализ жүргүзөбүз.

---

* Ата Турк университети, теология факультети, Эрзурум, Туркия (Atatürk Üniversitesi İlahiyat Fakültesi Erzurum/Türkiye)

[1] Рум сүрөөсү, 30

а.2. Хадистерде фытрат түшүнүгү

Хадистерге көз жүгүрткөнүбүздө фытрат түшүнүгүнүн түрдүү түшүнүктөрдө жана көп колдонулгандыгын байкайбыз. Бир жалпылоо жүргүзгөндө «фытрат» түшүнүгүнүн эки түрдүү мааниде колдонулгандыгын айта алабыз: Дин менен байланышкан мааниде, сүннөт менен байланышкан мааниде.

а) Дин менен байланышкан мааниде колдонулган «фытрат» түшүнүгү өткөн кээ бир хадистер: «Ар бир бала мусулман болуп туулат, андан кийин ата-энеси аны иудаист, насрани жана межуси кылып тарбиялашат…»[2]

«Ар бир адамды энеси табиятка ылайык төрөйт. Кийинчерээк ата-энеси аны иудисттештирет, христиандаштырат жана межусилештирет. Эгер ата- энеси мусулман болсо, бала дагы мусулман болот…»[3]

Аз. Пайгамбар сахабалардан бирине уктаардан мурда төмөнкү дубаны окууну үйрөткөн: «Оо Кудайым! Өзүмү сага тапшырдым. Жүзүмү сага бурдум. Ишими сага тапшырдым. Сага ишеним көрсөттүм. Сага жалбарам жана сенден коркомун. Сенден башка сыйынылуучу, куткаруучу жок; Кутулуу жана коргоо жалгыз сага таандык. Кудайым! Жиберген китебине ынандым. Жиберген пайгамбарга ыйман келтирдим». Пайгамбар кийинчерээк ал сахабага төмөндөгүдөй деген:

«Бул сөздөрдү оку, ошол түнү дүйнөдөн кайтсан, фытрат (чыныгы муслман болуп) өлөсүн».[4]

Бухари Шарихи аль-Айни жана Ибн Хажер алгачкы эки хадистеги фытрат түшүнүгү жөнүндө аалымдардын түрдүү пикирлерде, жорумдарда болгондуктарын баса белгилеген жана негизгилерин баяндаган.

Ибн Абдилберр, илим усталары жана селефтин универсалдуулугу боюнча бул жердеги «фытрат», «ислам» дегенди билдирет. Буга далил катары, Абу Хурайранын бул хадистин акырына, жогоруда мисал катары берилген Рум сүрөсүнүнү 30- аятын тиркөөнү көрсөтүшөт. Анткени бул аятта «фытрат», «ислам» маанисинде айтылган.[5]

Ибн Каййым болсо, инсандын мусулман болуп туулушунун, эненин курсагында динди билген абалда төрөлүү деген мааниге келбегендигин, себеби аятта, инсандардын энелеринин курсагында болгон учурда эч нерсени билбеген абалда төрөлгөндүгү билдирилген. Кошумча катары, бул жердеги максат, адамдын жаратылышынын, исламды билүүсү жана сүйүүнүн керектигин белгилеген.[6]

---

[2] Бухари, Женаиз, 80 ( II, 97), 93 (II, 104), Тефсиру Суре Рум, 1 (VI, 19); Малик, Женаиз, 52 (I, 241)

[3] Муслим, Кадер, 22 (IV, 2048), 25 (IV,2049)

[4] Бухари, Даваат, 7 (VII, 147) эл-Аскалани, Ибн Хажер, Фетхул- Бари, Дару Ихйаи Турасил-Араби, Бейрут.

[5] эл-Аскалани, Ибн Хажер, Фетхул- Бари, Дару Ихйаи Турасил- Араби, Бейрут.

[6] эл-Аскалани, а.а.ч, III, 193

Аль Айни жана Ибн Хажер бул хадистердеги «фытрат» түшүнүгү жөнүндөгү аалымдардын көз караштарын беришкен. Жогоруда айтылган жана баяндалбай калган көз караштарда фытрат, эй ислам, эй дин же динди кабылдоого болумдуу абал катары таанытылган.[7]

Ибнул – Эсир болсо, «фытрат» түшүнүгүн, баланын динди кабыл алуу ылайык түзүлүштө жаратылган деген ойдо. Эгер балат төрөлгөндөн баштап өзүнчө таштап койсо, ал динге умтулууга аракет кылат жана башкаларга көнүлү түшүнкү болбойт.[8]

Муслим Шарыхи ан- Небеви болсо, бул хадистерден өткөн «фытрат» жөнүндөгү кээ бир көз караштарды ырастагандан кийин эн туурасы «ар бир бала, ислам динин кабылдоого ылайык болгон шартта туулат» түрүндөгү көз караштын болгондугун айткан.[9]

Үчүнчү хадисте өткөн «фытрат» түшүнүгүнүн да «ислам» түшүнүгүнө келгендиги билдирилүүдө.[10]

### б) Айрым хадистердеги фытрат түшүнүгүнүн сүннөт менен байланышы.

«Фытрат» тын «сүннөт маанисине келгенидигин билдирген хадистердин кээ бирлери төмөнкүлөр:

«Фытрат» бешөө: «сүннөткө отургузуу, этегин алуу, колтуктарын тазалоо, муруттарын кыскартуу жана тырмактарын алуу»[11]

Он нерсе жаратылыштан (фытраттан) (табияттан) бар. Мурутту кыскартуу, тырмактарды алуу, бармактардын араларын жууш, сакал коюу, мисвал колдонуу, ооз мурунга суу алуу, колтукту тазалоо, этек кирлеринен арылуу, истижа (женил даарат алгандан кийин бир эки мүнөттөн кийин түшкөн суюктуктан тазалануу) жана истибра (оор даарат) кылуу».[12]

«Муруттарды кыскартуу фытраттан (жаратылыштан)»[13]

Жогоруда айтылган бул үч хадис жана бул түшүнүктөгү башка хадистер дагы жаратылыштан болгон нерселерден сөз козгоодо. Бул хадистердеги «фытрат» түшүнүгү жөнүндө төмөнкүдөй талдоолор жүргүзүлгөн: Эн- Невеви, бул хадистерде фытраттын (жаратылыштың) өзгөчөлүктөрү айтылгандыгын, бул өзгөчөлүктөрдүн санынын беш же

---

[7] Кенири маалымат учун караныз: эл-Айни, Умдетул Кари фи Шерхи Сахийхил-Бухари, Дарул Фикр, VIII, 177,178,179; эл-Аскалани, а.а.ч., III, 194

[8] Ибнул- Эсир, Междуддин Эбу- Саадат, эн- Нихайе фи Гарибил- Хадис, Таххик: эз- Зави жана Таннахи, Мектебету Исмаилиян, Иран-1347, III, 457

[9] Эн-Невеви, Мухйиддин Эбу Зекерия, Сахихи Муслим би- Шерхин-Невввеви, Дарул-Кутубил- Илмийие, Бейрут- 1970

[10] Караныз: эл-Айни, а.а.ч., III,188

[11] Бухари, Истихзан, 51 (VII, 147), ибн Маже, Тахарет, 8 ( 1, 107), Муслим, Тахарет 50 (I, 222)

[12] Муслим, Тахарет, 56 (I, 223); эбу Давуд, Тахарет, 29, (I, 61); Несаи, Зийнет, 1 (VII, 126, ибн Маже, Тахарет, 8 ( 1, 107),

[13] Бухари, Либас, 63 (VII, 56)

болбосо он менен чектелбей тургандыгын белгилегенден кийин,[14] «фытрат» түшүнүгүнүн кайсыл мааниним туюндуруп жаткандыгына көңүл бурат. Ал кээ бир аалымдар «фытрат» сөзүнүн «сүннөт» маанисинде болгондугу маселесинде аалымдардын көпчүлүгүнүн көз караштары бирдей болуп, ага жараша хадис сөзүнүн мааниси төмөндөгүдөй экендигин белгилейт: «Бул мүнөздөр, пайгамбарлардын сүннөттөрүнөн».[15]

Эс-Синди да, хадистердеги «фытрат» түшүнүгүн «өтмүштөгү пайгамбарлардын сүннөтү» болгондугун баса белгилейт.[16] Ибнул-Эсир да ушул пикирге кошулуп жана хадистердеги «фытрат» түшүнүгүнүн «өтмүштөгү пайгамбарлардын баш ийүүгө берилген буйрук түрүндөгү сүннөтү» экендигин белгилеген.[17]

### в) «Фытрат» түшүнүгү колдонулган башка кээ бир хадистер

Абу Хурейведен: «Пайгамбарга Исра түнүндө Илияда (ыйык үй), бирине шарап, башкасына сүт толтурулган эки чөйчөк алып келинди. Ал сүттү тандап алды. Ошондо Жабраил «Сени фытратка (табиятка ылайык таза жараткан) Кудайга данк жана мактоолор болсун. Эгер сен шарапты алганында, үммөттөрүнүн саны аз болот эле» деди.[18]

Дагы бир хадисте Аз. Пайгамбар мираж окуясын түшүндүрүп жатканда: «Кийин мага бир каптын ичинде шарап, бир кап сүт, дагы бир кап бал алып келинди. Мен сүттү алганда Жабраил: «Бул сенин жана үммөттөрүндүн бир мүмкүнчүлүгү» деди».[19]

Бул хадистерде Аз. Пайгамардын Миражда өзүнө берилген түрдүү ичимдиктердин арасынан сүттү сүйүшүнөн улам Жабраилдин, анын «фытратты тандашы», «фытрат үстүндө болгондугу» жана «фытратка туура жол болушун» айткандыгы маалымдалат. Бул хадистердеги «фытратка» да «ислам» жана «багыт» мааниси берилген.[20]

Фытратка (жаратылышка) байланышкан хадистер жана бул хадистердеги «фытраттын» кайсыл түшүнүктө болгондугу жаатындагы түшүндүрмөлөр жалпысынан ушулар. Муну менен бирге, «фытрат» түшүнүгү үчүн дагы да түрдүү жорумдар (талдоолор) жүргүзүлгөн.

### г) Фытрат түшүнүгүнүн анализи

---

[14] Караныз: эн-Невеви, а.а.ч., III, 147
[15] Караныз: эн-Невеви, а.а.ч., III, 148
[16] Эс-Синди, Несаи Хасийеси, VIII, 126
[17] Ибнул-Эсир, а.а.ч., III, 457
[18] Бухари, Эшрибе, 1 (VI,240), Тефсиру Суре 17, 3 (V, 224); Муслим, Эшрибе, 92 (III, 1592)
[19] Бухари, Менакибул- Энсар, 42 (IV, 249)
[20] Караныз: Эл-Айни, а.а.ч., I, 164

Жогоруда белгиленгендей эле «фытрат» жалгыз гана «дин» менен же болбосо «сүннөт» менен байланыштуу түшүнүктө түшүнүлбөгөн. «фытрат» сөзүнө башка түрдүү маанилерди бергендер да болгон. Булардын кээ бирлеринин пикири боюнча фытрат «инсанга берилген жаратылыштын белгиси», «... инсандын жаратылышындагы өзгөчөлүктөр»[21], кээ бирлеринин көз карашы боюнча «инсандын табигый жаратылышы», «адамдык тап», «оригиналдуу касиет», «Тенирдик жаратылыш»[22], башка бирөөлөрдүн оюу боюнча болсо: «Алгачкы жаралуу мезгилинде Кудайдын инсан табиятына арнаган жаратканын таануу ийкеми, рухий тазалык жана он жөндөмдүүлүк жана жатыгуулар».[23]

Кыскача айтканда, берилген аныктамалардын баарында, «хикмат», «ислам», «алгачкы жаралуу», «таза жаратылуусу», «дин», «сүннөт», «табият», «атайын жаратуу түрү», « адамдагы табиятынан келген өзгөчөлүктөр» түрүндө туюндурулганын көрөбүз. Бул андоолорду үч негизги түшүнүктүн негизинде кароого мүмкүн. Дин, атайын жаратуу жана сүннөт. Фытратка төмөндөгүдөй аныктама берүү менен үч негизги класста бириктирүү мүмкүн. Фытрат; бүткүл адамдарда туулгандан бар болгон, мезгилдин өзгөрүүсү менен өзгөрбөгөн, сырткы чөйрөдөн кандайдыр бир кийлигишүү болбогон учурда өзгөчөлүгүн коргогон, бул өзгөчөлүктөрү менен инсандарды чындыкка жана тууралыкка багыттаган түрдүү өзгөчөлүктөрдүн өзү жана булагы түзүлүшүндөгү өзгөчө түзүлүш.

Акыркы мезгилдерде түрк тилинде колдонулуп келе жаткан, белгилүү бир жеке адамга таандык болбогон, бүткүл адамзаттын, ан-сезим, ой-жүгүртүү, мамиле жана жүрүм-турумдарынын башталышын көөрсөтүүдө колдонулган «саг дую» (он сезим) сөз айкашы менен фытратка басым жасалгандыгын айта алабыз.

Фытрат сөзүнө берилген аныктаманын негизинде «дин» орун алган. Анткени дин менен, башка түшүнүктө, табияттан сыртта келген таасирлердин натыйжасында бузулуусуна бөгөт коюу жана жаратылыштан күч катары (билкувве) болгон бир канча куралдарды калыптандыруу жана коргоо максатында жиберилген нерсе катары эсептесек болот. Башкача айтканда фытрат бир жагынан адамдык (инсандык, башка тараптан тенирдик) өзгөчөлүктү алып жүрөт. Бул маанида фытрат, Кудайдын инсандарда калыптандырган жана кандайдыр бир терс таасир болмоюнча тууранЫ (чындыкты) көрсөткөн.

«Фытрат» ошол эле учурда өтмүштөгү пайгамбарлардын суннөттөрүн да өз ичине камтыган. Себеби, алардын суннөтү деп айтуу, артынан Кудай жөлөк-таяк болгон жол дегенди билдирет. Кудай болсо, дайыма өзүнүн ыраазычылыгына ылайык туралыкка ишендирет.

---

[21] Mutahhari, Murtaza, Fıtrat, Çev. Cafer Kırım, Akademi Yayınları, tsz., 14-бет
[22] Kılıç, Sadık, Fıtratın Dirilişi, Nehir Yayınları, İstanbul 1991: 13-б.
[23] Караныз: Hökelekli, Hayati, "Fıtrat" mad. DİA, İstanbul- 1996, XIII, 47

Бардык пайгамбарлардын суннөтү, ошол эле учурда бардык мезгил жана мейкиндикте өзүнүн өкүмүн жүргүзгөн тенирдик мыйзам ченемдер деп айтылуу менен, бул түшүнүк дин менен окшоштуктрады пайда кылып, натыйжада жогоруда белгиленген ошол эле максатка кызмат кылат. Андай болсо, бул түшүнүк да табиятка ылайыкташтырылган жана табигый өзгөчөлүктүрдүн калыптанышында (өнүгүшүндө) кызмат кылат.

Жогору белгилененгендей эле, жаратылыштан түшүнүлгөн үчүнчү түшүнүк, атайын жаратылыш болуп, бул түшүнүк биздин берген аныктамабызга окшоштук көрсөтөт.

Фытраттын (табияттын) аалымдарыбыз тарабынан түрдүү сөздөр менен түшүндүрүлүшү жана ар түрдүү түшүнүк берилиши, биздин оюбуз боюнча окшош нерсенин түрдүү жактан башка түрдө көрүнүшү сыяктуу. Бирок көрүнүш кандай болсо да, аныктама бериле турган нерсе ошол эле нерсенин өзү.

Жогоруда биз түшүндүрүүгө аракеттенген фытрат түшүнүгүнүн аныктамасында белгилей кете турган маселелер төмөнкүлөр: 1. Фытрат, бардык адамдарда болот, ошого жараша ата-эненин ишеними, кызмат орду, рассасы, дини кандай болсо, бардык инсандар бирдей табияттын негизинде дүйнөгө келет. 2. Фытрат түпкү манызын, тазалыгын жоготушу мүмкүн. Бул өзгөрүү табиятка карата жасалган түрдүү терс таасирлердин натыйжасынгда болот. 3. Фытрат- мезгил жана мейкиндик өзгөрмөйүнчө өзгөрбөйт. Башкача айтканда Аз. Адам мезгилиндеги адамдардын табияты азыркы учурдагы адамдардын табияты менен бирдей. Ошол мезгилдеги адамдын табигый өзгөчөлүктөрү азыркы мезгилдеги адамдардын өзгөчөлүктөрү менен окшош. Инсандын табияты өзгөрбөгөндүктөн ислам дини инсандарга өтмүштөн сабак алышына үгүттөйт. Куран дин тили менен ырахаттануууну, башкача айтканда учурдагы мезгилден артка карай эски заманга көз чаптырып, учурда өтмүштөгү жыйынтыктарга байкоо жүргүзүү менен бир жыйынтык чыгаруубузду каалайт. Анткени инсандар окшош табигый өзгөчөлүккө ээ. 4. Бул аныктамада белгилей кете турган дагы бир маселе, табияттын (фытраттын), бир канча касиеттери биригип топтолгон маныз болот. Бардык бул өзгөчөлүктөр, табигый түзүлүштүн ичинде тен салмактуулук менен мойнуна жүктөлгөн милдеттенмелерди орундаткан. Бул касиеттерден бир же бир канчасында тен салмактуулуктун бузулушу, табияттын (фытраттын) тазалыгын жоготпоосуна себеп болот. Муну бир атомдук схемалардын ичинде орун алган электрон жана нейтрон катары түшүнсөк болот. Алардан бири өзүнүн огунан чыгып кетиши, ошол атомдун бузулушуна алып келет. Жаратылыштагы мындай тен салмактуулуктун бузулушу анын дайыма чындыкты көрсөтүү өзгөчөлүгүнүн жоголушуна себеп болот. Мындай табигый булактуу өзгөчөлүктөрдө да бузулуулар болот. Мисалы: жыныстык сезим, кудайдын адамдын табиятына жайгаштырган табигый сезимдердин бири. Бул сехзимдин табигый тен

салмактуулугун бузбагандай түрдө канааттануу жолдору бар. Кудай белгилеген бул схеманын сыртына чыгуу, бул сезимидин тен салмактуулугунун бузулушу, бул табияттагы тен салмактын абалынын бузулушу дегенди билдирет. Бул табият өзүнүн тазалыгын жоготушу дегенди түшүндүрөт.

Ошондуктан дин- инсандарга жөнөтүлгөн, аны жиберген жана адам баласын жараткан бир күч болгондой, инсан менен диндин ортосунда да чатышуу болбошу керек. Эгер мындай чатышуу болсо, алгач дин деп түшүндүрүлгөн нерсенин чектери табигый алкактан алынышы керек. Эгер бул нерсе болбосо, анда дин деп түшүндүрүлгөн нерседе кемчилдик бар, же болбосо фытрат (табият) деп билинген нерседе тескери көрүнүш бар. Аз. Пайгамбардын «диндин женилдик экендигине» байланышкан хадистерине[24] түрдүү багытта көз жүгүртүлүп, башка жыйынтык чыгарууга болот. Бирок бул хадистерге табият көзү менен караганда төмөнкү жыйынтыкка барылат. Ислам дини онойлоштуруучу дин. Анткени бул дин жаратылышка ылайык келет. Адам табиятына ылайык келген нерсени кабылдап жашоодо кыйналбайт. Ошол себептен түпкү манызын жоготпогон табияттын динди кабылдоосу жана жашоосу өзүнөн өзү оной жана жагымдуу болот.

Бул жерге чейин кыскача табияттын эмне экендигин, адамдын жүрүм турумдарын багыттандырууда таасирдүү болгондугун, табияттагы тен салмактуулук менен диндин ортосундагы байланыштан сөз кылдык. Билингендей эле фытрат (табият) көптөгөн касиеттердин жыйындысы болгон негиз. Бул негизден пайда болгон бир канча өзгөчөлүктөр бар. Андай өзгөчөлүктөрдү Курандын жана хадистердин негизинде, акылдык жөндөмдүүлүктөр, табигый сезидер жана табигый кулк мүнөз (характер) деп категорияларга бөлсө болот. Куранда жана хадистерде жөндөмдүүлүк, сезимдер жана мүнөз ар кандай мааниде түшүндүрүлөт. Кээде бул өзгөчөлүктөрдөн бири инсанда болгондугу баса белгиленип, ошого жараша маани берилет. Мисалы Куранда: «Алла силерден (жүгүнөрдү) женилдетүүнү каалайт. Анткени адам баласы алсыз болуп жаратылган»[25] деп баяндалып, табигый мүнөздүн бар экендигине басым жасалат, башка аятта болсо «акыры алар өздөрүнчө Алла асмандар менен жерди, ошондой эле алардын арасындагы бир нерсени жалан чындык (мыйзам) жана белгиленген мөөнөт менен жаратканын, (демек ошол мөөнөт бүткөн сон дүнүйө түгөнүп акырет башталышын) пикир кылып көрөшпөйбү? Чындыгында бул адамдардын көпчүлүгү кайра тирилип, Раббилерине жолугууну танууучулар»[26] түрүндө баяндалып, ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгүнүн бар экендиги кабылданып, адамдын ага жараша мамиледе болушу каалайт.

---

[24] Караныз: Бухари, Иман, 29 (I, 15); Несаи, Иман, 28 (VIII, 122); Ахмед б. Ханбел, V, 69
[25] Ниса сүрөөсү, 28
[26] Рум сүрөөсү, 8

Бул көз караштын натыйжасында адам жаралгандан баштап эле өзүндө алып жүргөн бул жөндөмдүүлүктөрдү, сезимдерди жана мүнөздөрдү төмөндөгүдөй түрдө тыянактоог болот.

А. Акыл жөндөмдүүлүгү

Адамдар жаралгандан эле акылдуу. Бирок акыл түшүнүгүнүн чегинде баалана турган акылдык жөндөмдүүлүк же болбосо акылдык функциялары көпчүлүк багыттан айырмачылыктарды көрсөтөт. Курандын, хадистин түздөн түз же кыйыр түрдө белгилей кеткен акылдык жөндөмдүүлүктөр: эсте тутуу жана жаттоо,[27] эстөө,[28] көнүл буруу,[29] түшүнүү,[30] салыштырма[31] жана ой жүгүртүү сыяктуу жыйынтык чыгарууга болот. Бир адамдын эске тутуусу күчтүү болсо, башка бирөөсүнүн ой жүгүртүүсү күчтүү болушу мүмкүн. Бул түшүнүктө айырмачылыктар болуу менен, натыйжада булар ар бир ден- соолугу чын болгон адамда бар болгон жалпы касиет.

Б. Кээ бир тубаса сезимдер

Ошондой эле адамдардын төрөлгөндөн баштап эле кээ бир тубаса сезимдерге ээ болгондугун баарыбыз жакшы билебиз. Ыйык китебибиз Куран жана хадистерде түз жана кыйыр мааниде төмөндөгүдөй сезимдер жөнүндө сөз болот: жыныстык сезим,[32] уялуу сезими,[33] үмүт жана коркуу сезими,[34] ачуулануу жана боорукердик сезими,[35] сүйүү жана жийиркенүү сезими,[36] кубануу жана кайгыруу,[37] атаандашуу[38] жана кошоматтык[39] ж.б. ушул сыяктуу.

В. Кээ бир тубаса кыял жоруктар

---

[27] Караныз: Бухари, Илим, 25 (I, 30); Тирмизи, Илим, 7 (V, 34); Эбу Давуд, Акдийе, 27 (II, 336), Илм, 10 (II, 346), Ибн Маже, Мукаддиме, (I, 78); Муслим, Мусафирин, 257 (I, 555).

[28] Караныз: Энам сүрөөсү, 44, 70; Араф сүрөөсү, 2, 3, 165, 201; Бакара сүрөөсү, 282; Назиат сүрөөсү, 35; Эбу Давуд, Женаиз, 77 (II, 237); Тирмизи, Женаиз, 60 (III, 370); Ибн Маже, Женаиз, 47 (I, 500).

[29] Караныз: Бухари, Иман, 39 (I, 19); Ахмед б. Ханбел, II, 403, IV, 402; Дарими, Федаилул_куран, 12 (II, 538).

[30] Эбу Давуд, Мехди, 1 (II, 508), Эдеб, 18 (II, 676); Ахмед б. Ханбел, I, 330.

[31] Бухари, Илим, 4 (I, 122).

[32] Караныз: Рум сүрөөсү 8; Араф сүрөөсү, 176, 184; Хашр сүрөөсү, 21; Нахл сүрөөсү, 17, 44; Энам сүрөөсү, 50; Бакара сүрөөсү, 219, 266; Бухари, Эл-Амел фис- Салат, 18 (II, 65); Муслим, Салат, 19 (I, 292); Ахмед б. Ханбел, II, 353.

[33] Караныз: Бухари, Тефсиру Сурети Маиде, 9 (V, 189), Никах, 3 (VI, 117), Либас, 6 (VII, 35); Ибн Маже, Никах, 2 (I, 593)

[34] Караныз: Бухари, Энбия, 54 (IV,252), Эдеб, 77 (VII, 100), Илим, 8 (I, 24), Иман, 3 (I, 8), Никах, 41 (VI, 135); Ибн Маже, Зухд, 17 (II, 1400), Никах, 11 (I,601).

[35] Караныз: Бухари, Мусакат, 5 (III, 76), Рикак, 19, (VII, 183), 29 (VII, 186), Дааватт, 41 (VII, 159), Жихад, 25 (III, 207-210); Несаи, Истиазе, 5 (VIII, 256).

[36] Караныз: Ахмед б. Ханбел, IV, 226; Бухари, Эдеб, 76 (VII, 99-100), Марда, 9 (VII, 5); Малик, Садака, 14 (II, 1000); Ибн Маже, Икаметис-Салат, 48 (I, 315); Муслим, Бирр, 66 (IV, 1999).

[37] Караныз: Бакара сүрөөсү, 216; Бухари, Эдеб, 42 (VII, 83), 96 (VII, 112), Иман, 6 (I, 9), 9 (, 9), Менакибул- Энсар, 4 (IV, 223); Несаи, Иман, 2 (VIII, 95); Ахмед б. Ханбел, IV, 286.

[38] Караныз: Ибн Маже, Тахарет, 78 (I, 529), Зухд, 19 (II, 1402); Бухари, Рикак, 27 (VII, 186).

[39] Караныз: Ибн Маже, Никах, 56 (I, 643); Бухари, Никах, 107 (VI, 157), Менакибул-Энсар, 20 (IV, 231); Несаи, Никах, 16 (VI, 69).

Адамдардагы кээ бир тубаса кыял жоруктарды төмөндөгүдөй атоого болот: шашмалык,[40] унутчаактык жана жакшылыкты билбөөчүлүк,[41] назиктик,[42] таасир берүү жана таасирленүүчүлүк.[43]

Биз адамдардагы тубаса өзгөчөлүктөр боюнча Куран жана хадистерден жогорудагыларды гана тактоого жетиштик. Бирок кыйыр мааниде айтылган тубаса өзгөчөлүктөрдү көңүлгө алсак анда тубаса өзгөчөлүктөрдүн көп эле болгондугун айтуу мүмкүн.

Жогоруда кызуу сөз болгон адам табияты жана анын сырткы чагылуусу болгон тубаса кыял жорук өзгөчөлүктөрү хадис илиминде тексттерди сындоодо жана Аз. Пайгамбардын кыймыл аракеттеринде өтө жогору мааниге ээ болгон факторлордун бири болуп эсептелет.

### Хадистердин Аз. Пайгамбарга мүнөздүү болгондугун иликтөөдө адам табиятынын ролу

Хадис илиминде кабар кылынган хадистердин чындап эле Аз. Пайгамбарга тиешелүү же тиешесиздигин изилдөөдө негизги эки метод жогорку ролду ойнойт. Сенед (вексель, күчтүү далил) ди сындоо жана текстти сындоо дегенди түшүндүрөт. Сенедди сындоодо хадистерди бизге баяндаган равилер (хадис кабарчысы) өтө кылдаттык менен текшерилген. Ошондуктан бул хадис кабарчыларынын канчалык деңгээлде ишенимге ээ болгондуктарына көңүл бурулуп кабар берген хадистери кабыл кылынган же болбосо кабыл кылынган эмес. Бирок, бул жерде көңүл буруучу жагдай, изилдөөнүн предмети инсан болгон учурда кээ бир жаңылыштыктарга дуушар боло тургандыгыбызды да эч убакта унутпообуз керек. Анткени бул метод бир эле адамдын башка адамды кээ бир критерийлерди негиз катары пайдаланып изилдөөсү жана натыйжада ал жөнүндө бир жыйынтык чыгаруусуна байланыштуу. Ошондуктан бул жерде эки түрдүү катачылык кетирүүнү болжолдоого болбойт. Себеби изилдөөнүн предмети болгон рави (хадис кабарчысы) коюлган талаптарга жооп бере тургандай ишеничтүү болсо да анын дагы адам катары жаңылары талашсыз. Ошол себептен бул хадис кабарчыларынын маалымдаган хадис баяндарынын баары эле туура боло бербейт. Изилдөөдө кээ бир катачылыктар изилдөөнүн предмети болгон инсанга байланыштуу болсо, ал эми кээ бир катачылыктар изилдеген

[40] Караныз: Али- Имран сүрөөсү, 14; Фежр, 20; Бухари, Васая, 9 (III, 189), Зекат, 47 (II, 127), Риках, 11 (VII, 176), 15 (VII, 178).

[41] Караныз: Эбу Давуд, Жихад, 97 (II, 53); Тирмизи, Дават, 64 (V, 482); Тирмизи, Бирр, 66 (IV, 322), Савм, 13 (III, 82-83).

[42] Караныз: Ала сүрөөсү, 6; Кехф сүрөөсү, 63, 73; Бухари, Салат, 31 (I, 105), Илм, 16 (I, 26), Энбия, 24 (I, 127); Муслим, Месажид, 89 (I, 400), Сиям, 171 (II, 809); Ибн Маже, Мукаддиме, 3 (I, 11).

[43] Караныз: Бухари, Нафакат, 1 (VI, 189), Несаи, Касаме, 29 (VIII, 37).

адамга да байланыштуу болоору бышык. Анткени изилдөөчү жакындан тааныган же болбосо кээ бир булактар жана методдордун жардамы аркылуу изилдөөгө аракет кылган адамдын бардык кыя-жоруктарын толугу менен билүүсү кыйын. Ошондой эле кээ бир мезгилдерде изилдөөчү көптөгөн нерселерден да таасирлениши мүмкүн. Ошондуктан изилдөөчүнүн билип же болбосо билбей туруп эле хадис кабарчысы тууралуу берген маалыматтарында кээ бир кемчиликтердин болушун да унутпоо абзел. Мындай дегенибиздин себеби кээ бир хадис кабарчысы жөнүндө берилген маалыматтардагы ар кандай сөздөрдү эске алганда жогорудагы абал түшүнүктүү болот. Биз бул жерде сенед сындоолорунун ишеничтүү метод болгондугун айтуудан алыспыз. Ошондой эле бул методдо бир гана кээ бир кемчиликтердин бар экендигине басым жасоо менен биргеликте кабардын, кабарчынын ишенимдүүлүгүнө байланыштуу өзгөчөлүк болгондугун эстен чыгарбоого жана бул методдун колдонуусу керек экендигин кошумчалоону туура көрдүк.

Сенедди сындоолорунун бул кемчилдиктерин азайтууда колдонулушу керек болгон башка бир метод текст сындоосу болуп эсептелет. Текст сындоодо хадистин эң негизги элементи болгон текст ар кандай методдордун жардамында Аз. Пайгамбарга мүнөздүү болуп болбогондугу изилденилет (текшерилет). Көптөгөн хадис китептеринде бир тексттин Пайгамбарга мүнөздүү болгондугун текшерүүдө маанилүү рол ойногон көптөгөн эреже, шарттар жазылган. Бул эреже, шарттарды төмөндөгүдөй кылып кыскартууга болот:

1. Хадистин Курандагы ачык жана айкын түшүндүрүлгөн аяттарга каршы келүүсү.
2. Хадистин башка ачык айкын айтылган хадистерге каршы келүүсү.
3. Хадистеги кээ бир сөздөрдүн ал хадистин жалган болгондугуна далил болуусу.
4. Хадистин сахабалардын (Пайгамбардын достору) жасаган иштери менен айкалышпоосу.
5. Хадистин Пайгамбардын айтпай турган сөздөрдү өз ичине камтуусу.
6. Хадистин логикалык ой жүгүртүүгө туура келбеши.
7. Хадистин тарыхый окуяларга да дал келбөөсү.
8. Хадистин келечекке байланыштуу белгилүү бир датаны көрсөтүүсү.
9. Хадистин адам табиятына туура келбеген өтө жаман сөздөрдү өз мазмунуна камтуусу.
10. Хадистин сезим органдарына каршы келүүсү.[44]

[44] Хадис тексттерин четке кагуу жөнүндө кенири маалымат үчүн караныз: Алиййул- Кари, Эл-Эсрарул-Мерфуа фил-Ахбарил-Мевзуа Тһк. Мухаммед б, Лутфи эс-Саббаг, Эл-Мектебетул-Ислами, Бейрут-1986, 2 Б., 399-б., Мухаммед Жемалуддин Эл-Касыми, Каваидут- Тахдис,

Биз бул изилдөөбүздө жогоруда сөз кылган эреже шарттарга кошумча ирээтинде «хадистин тубаса өзгөчөлүктөргө тескери келүүчү сөздөрдү камтышы» деген бир эреженин дагы хадистин текст сындоолорунда колдонулушун туура таптык.

Хадистердин Аз. Пайгамбарга тиешелүү болуп болбогондугун изилдөөдө сенедке көнүл бурбай туруп тексттен эле чыгарууга боло тургандыгына байланыштуу көптөгөн көз караштар бар. Жемалуддин Касыми, Эбул Хасан Али бин Урве эл- Ханбелинин «Кевакиб» деген чыгармасынан жүрөктүн жалган кабарларды билүүдөгү ролу жөнүндө төмөндөгү сөздөрдү айтат: Жүрөк аруу жана таза болгон учурда жалган менен чындыкты, туура менен жаңылыштыкты жана бакубаттулук менен пастыкты ажырата алат. Эгерде жүрөктө улуулук жана Пайгамбардын нурунан даам сызуу өзгөчөлүк бар болсо ошондо гана чындыкты жамандыктан ажырата алат. Кандай гана болбосун жаман сөздөр менен айтылып келген туура кабарлар болобу же болбосо туура бир текстке жаман кабар кошумчаланган болобу булардын баарын жүрөк бири биринен ажыратат. Себеби Пайгамбардын сөздөрү ачык айкын жана логикага карама-каршы келбейт. Ошондуктан Пайгамбар: «Момундун интуициясынан корккула! Анткени ал Улуу Алланын нуру менен карайт» деп айткан. Муаз бин Жебел дагы: «Жолдогу жарыктардай чындыктын да жарыгы бар» деген экен. Ошондой эле Шах эл-Кирмани «Адам ички дүйнөсүн андай алса жана кыймыл аракеттерин сүннөткө туура келе тургандай кылып ондой алса, арам нерселерге берилбесе жана ырыскыны адал жол менен табууга аракет кылса, анда ал интуициясында катачылыкка жол бербейт» деген. Каб бин Малик көр болгондон кийин бирөө жарым анын алдында жалган сүйлөгөндө, ал: «сүйлөбө, сенин оозуңдан жалгандыктын жыты келип жатат» деп айтчу экен. Ошондой эле жалган хадисти укканда, анын жалган болгондугун дароо сезген.[45]

---

Дарул-Кутубил- Илмиййе, Бейрут, 165-б.; Желаледдин Эс-Суйути, Тедрибур-Рави, Тахкик: Ахмед Омер Хашими, Дарул- Китабил-Араби, Бейрут-1989, 223- б.; Мухаммед Эбу Зехв, эл-Хадис вел- Мухаддисун, Дарул- Фикрил- Араби, 482-б. ; Müsrif b. Gurmullah ed-Dümeynî: Hadiste Metin Tenkidi metodları которгон, İlyas Çelebi ve Diğerleri: Kitabevi: İstanbul, 1997: Ьухаммед эт-Тахан, Тейсиру Мусталахил-Хадис, Мектебетул- Меариф, Рияд, 1985, 7-б., 90-б.; Ahmed Naim Babanzade, Sahih'i Buhari Muhtasar Tecrid-Sarih Tercemesi ve Şerhi DİB Yayınları, Ankara-1987, I, 282 vd.; İsmail Lüti Çakan, Hadis Usîlü, MÜİFV Yayınları, İstanbul-1991, 159-160-б.; İsmail Hakkı Ünal, "Hadisleri Değerlendirmede Akılcı Yaklaşım", Hadisin Dünü Bügünü ve Geleceği Sempozyumu, Samsun-1993, 137-161-б.; Yavuz Ünal, "Rivayetlerin Hz. Peygamber'e Aidiyetini Tesbitte Aklın Rolü", Hadisin Dünü Bugünü ve GeleceğiSempozyumu, Samsun-1993, 163-170-б.; Subhi es-Salih, Hadis İlimleri ve İstilahları, которгон: M.Yaşar Kandemir, Sinem Matbaacılık, Ankara-11986, 225-228-б.; Kamil Çakın, Hadis İnkarcıları, Seba Yayınları, Ankara, tsz, 74-77-б.; Ahmed Keleş, Hadislerin Kur'an'a Arzı, İnsan Yayınları, İstanbul- 1988'

[45] Караныз, эл-Касими, а.а.ч., 165-166-б.

Шейхул Ислам эбу Аббас бин Теймиййе мындай деп айткан: «Кудай жолундагы иштер менен суугарылган жүрөк эч кандай нерсенин таасиринде калбай бир көз караштЫ тандаса, анда ошол диний болуп саналат.»[46]

Кыскасы, жалган хадистин жалган болгондугу жалган айткан адамдын өз мойнуна алуусу менен же болбосо сөздөрүнүн бири бирине дал келбегендиги ушул сыяктуу жолдор менен билинет. Жогоруда ишеним ээлеринин, Кудай жолунда жүргөндөрдүн жана адилеттүү болгондордун интуиция жана аян (илхам) ээлери болгондуктарын баса белгиледик. Бул адамдар мындай жөндөмдүүлүктөрү менен туура адамдын тууралыгын, жалган хадис айткандын да алдап жаткандыгын байкай алышат. Мисал үчүн, Сулейман эд Дарани, Ахмед бин Асым эл-Антакийи интуициясынын күчтүүлүгүнөн улам «жүрөктүн сырын сезгенди (жүрөк тынчысы)» деп аташкан болчу.[47]

Көнүл бура турган болсок жогорудагы сөздөрүбүздө кандай гана болбосун чыныгы табияты бузулбаган, адам табиятына басым көбүрөөк жасалды. Анткени пенденин арам нерселерден алыс болуусун жана адал нерселер менен алек болуусун ушул сыяктуу нерселерди үгүттөгөн шарттар чындыгында эле адам табиятынын аруу боюнча калуусун көздөйт. Жогоруда баса белгилегенибиздей, дин адам табиятынын аруулугун сактаган фактор болуп эсептелген. Эл-Касыми мындай сапаттарга ээ болгон адамдагы жөндөмдү жүрөк деп айтуу менен биргеликте аны өтүп кеткен кээ бир окуялардын жардамында ырастоого аракет кылат. Натыйжада, адамдын аруу табияты жана ошондой эле эл-Касыминин жүрөк деп айткан далилиндеги басым жасылган нерсе төмөнкүлөр: Пендеде ан- сезиминен башка туура жана ката нерселерди бири биринен ажырата турган кээ бир өзгөчөлүктөр бар. Эгерде бул жөндөм кээ бир хадистердин Аз. Пайгамбарга мүнөздүү болуп болбогондугун изилдеп иликтөөдө колдонула турган болсо, буга жүрөк деп айтуунун ордуна адам табияты деп айтуу туура болот эле. Анткени биздин адам табияты деп айткан өзгөчөлүк табийгый тен салмактуулукту кармаган жүрөктүн өзгөчөлүктөрүн өз ичине камтуу менен биргеликте адам табиятынан сыртка чагылган өзгөчөлүктөрдү да өз ичине камтыйт. Ошондой эле биз кээ бир хадистердин Аз. Пайгамбарга мүнөздүү болбогондугун иликтөөдө жүрөккө окшогон чектери адамдан адамга карап өзгөргөн эреже куралдары эмес, ар бир пендеде бар болгон табийгый өзгөчөлүктөрдү эреже катары колдонууну туура деп ойлойбуз. Анткени бир хадис жөнүндө жүрөк менен берилген баа бир гана анын ээси үчүн мааниге ээ. Бирок табийгый өзгөчөлүктөргө карап берилген баа бардык адамдар үчүн маанилүү.

Бир нерсе башка эреже куралдарга карап изилденгенде эстен чыгарылбоосу керек болгон эн маанилүү нерсе ошол эреже куралдардын

---

[46] эл-Касими, а.а.ч., 168-б.

[47] эл-Касими, а.а.ч., 171-172-б.

чектеринин так, ачык айкын болуусу. Биз көптөгөн өзгөчөлүктөрдүн манызы жана чегинин ачык айкын болушу кыйын болгон «адам табиятын эмес, туубаса өзгөчөлүктөрдү хадистердин Аз. Пайгамбарга мүнөздүү болгондугун изилдөөдө колдонулган эреже курал болгондугун дагы бир жолу баса белгилей кетүүнү чечтик. Ошондой эле биз төмөндөгүдөй өзгөчөлүктөрдүн да көнүлгө алынуусу керек экендигин сунуштоону ылайык көрдүк».

1. Бир бүтүн катары бардык туубаса өзгөчөлүктөр изилденилгенде бир өзгөчөлүктүн бардык манызын так айтууга болбойт.

Ушулар менен биргеликте белгилүү болгон туубаса өзгөчөлүктөр жана алардын белгилүү чагылуулары бир хадистин Аз Пайгамбарга мүнөздүү эмес экендигин текшерүүдө метод катары колдонулушу мүмкүн. Башкача айтканда баарыбызга маалым болгон туубаса өзгөчөлүктөргө карама каршы болгон кабардардын хадис болбогондугу тууралында ишенбөөчүлүк болушу керек. Бул ишенбөөчүлүктү колдоп кубаттаган башка далилдер болсо, анда ал хадистин Аз.Пайгамбарга мөнөздүү болгондугу четке кагылууга тийиш. Ошентип хадис текст сындоосунун критерийлеринин бирөөнүн басымдуу бөлүгүнө каршы келүүсү менен чектелет. Бул абал кабардын Аз. Пайгамбарга мүнөздүү болбогондугун далилдөөдө эн негизги критерий катары каралат. Мисалы, «эгерде кимде-ким бир аялга байлыгы үчүн үйлөнсө, Алла Таала ага анын байлыгын да, сулуулугун да арам кылат»[48] деген кабар адамдагы байлык топтоо сезимине терс келет. Пенгдедеги мындай энсөөнүн көп экендигин Аз.Пайгамбар төмөндөгүдөй сөздөр менен далилдейт: «Адам баласына бир өрөөн толо алтын берсен дагы бир өрөөн толо алтын сурайт. Алардын оозун бир гана топурак толтурат».[49] Ооба чындыгында эле адам баласынын өзү тойсо да, көзү тойбогондугун баарыбыз жакшы билебиз. Андай болсо байлык топтоого катуу тыйуу салган мындай хадис адам табиятына терс келгендиктен анын башка жактары дагы изилдениши керек. Изилдөө учурунда жогорудагы хадиске каршы болгон башка бир хадисти окудук. Ал хадисте Аз.Пайгамбар: «Аял затына төрөт үчүн нике кыйылат; Байлыгы, ата-теги, сулуулугу жана дини үчүн. Алардын ичинен динге жакын болгонун тандагыла, ырыскылуу болосунар»[50]- деп айтат. Жогорудагы хадистен байкалгандай аялга байлыгы үчүн да үйлөнсө болот. Бирок алардын ичинен динге жакын болгонун тандап алуу абдан туура. Аялга байлыгы үчүн үйлөнүүнү арам деген кабар адам табиятындагы байлык топтоо сезимине жана башка хадистерге карама каршы болгондугу үчүн Аз. Пайгамбарга мүнөздүү деп айтуу туура эмес.

---

[48] эс-Суюти, эд-Дурерул-Мунтесире фил- Эхадисил- Муштехире, Дарул- Итисам, Кахире, 377-б.

[49] Муслим, Зекат, 117 (II, 725).

[50] Эбу Давуд, Никах, 2 (I, 624).

2. Көнүл буруучу жагдай бул метод хадистин Аз.Пайгамбарга мүнөздүү болгондугун тактоодо эмес, хадистин Пайгамбарга мүнөздүү болбогондугун иликтөөдө колдонулушу керек. Анткени Аз.Пайгамбардан башка эле бир адамдын дагы адам табиятына туура келген сөз сүйлөөсү толук мүмкүн. Ошондуктан бул байкоо жолу хадис болбогон сөздөрдүн хадис деп айтылуусуна жол ачуусу калетсиз. Бирок Аз. Пайгамбардын адам табиятына терс келген сөз айтуусу же болбосо кыймыл аракеттерди жасоосу мүмкүн эмес. Ошондуктан жогорудагыдай кабарларды Аз.Пайгамбардын сөздөрү деп айтуу туура бобойт. Мисал үчүн хадис деп кабар берилген бир маалыматта «унутчаактык адамдын табиятында бар»[51] деп айтылат. Бул иликтөө адам табиятына терс эмес, анткени Куран жана хадистерден алынган аяндын негизинде айтылган бир сөз экендиги талашсыз. Бирок бул иликтөөнүн Аз. Пайгамбардын кылгандыгын айтуу туура эмес. анткени бул сөз хадис эмес.[52]

3.Эн акырында да көнүл буруучу маселе белгилүү болгон тубаса өзгөчөлүктөргө карама каршы болгон хадисти дароо бул хадис эмес деп четтетпөө абзел. Анткени, биринчиден, ал хадисти изилдеш керек. Изилдеп бүткөндөн кийин, ал талапка жооп бербесе анда аны четке кагуу туура болот. Мисал үчүн, адамдагы тубаса мүнөздөрдүн бири бул шашмалык. Кудай Тааланын адам табиятына карата «пенде өтө эле шашма»[53] жана «пенде шашма жаратылган»[54] деген аяттары менен түшүндүрүлөт. Ошону менен биргеликте бир хадисте Аз. Пайгамбардын мындай дегендиги баяндалат: «... шашылуу шайтандын иши»[55]. Бул хадисти укканда, шашкандыкты адамдын табиятына туура келбейт деп четке кагуу болбойт. Анткени Аз.Пайгамбардын адамдын табиятындагы шашмалык мүнөз жөнүндөгү хадистерди чогултуп иликтегенде жогорудагы сөздөрдүн туура экендигине күбө болобуз. Себеби Пайгамбар орзо айында ооз ачарда,[56] жаны төрөлгөн ымыркайга ат коюуда[57] жана шам намазын окууда[58] шашылуу керек экендигин айткан. Ошондуктан Аз. Пайгамбар пендедеги мындай кыял жоруктарды байкап шашмалык мүнөздү жакшы иштерде колдонуу керек экендигин, ал эми жаман иштерде шашмалыкты болууну катуу сындаган.

### Адам табиятынын багыт берүүчү өзгөчөлүгү боюнча Аз. Пайгамбардын хадистери

[51] Алийул Кари, а.а.ч., 354-б.
[52] Караныз: Алийул Кари, а.а.ч., 359-б.
[53] Исра сүрөөсү, 11
[54] Энбия сүрөөсү, 37
[55] Тирмизи, Бирр жана Сыла 66 (IV, 322)
[56] Караныз: Тирмизи, Савм 13 (III, 82, 83)
[57] Караныз: Тирмизи, Эдеб, 63 (V, 121)
[58] Караныз: Бухари, Техежжут, 30 (II, 53); Муслим, Мусафирин, 55 (I, 491).

Жогоруда адам табиятынын багыт берүүчү болгондугуна кыскача токтолдук. Аруу табияттын пендеге багыт берүүсү аруу табияттын өзү менен жана анын сыртка чагылуу өзгөчөлүктөрүнүн жардамында болот. Чындыгында эле адам табиятынын багыт берүүчү функциясы элибизде «тууранын катадан ажырата алган, айткан сөздөрүндө жанылбаган зээндүүлүк» маанисин түшүндүргөн «акылдуулук» сөзү менен айтылат. Ооба жөнөкөй адамдар да табияттарынын аруулугун сактаса жаманды жакшыдан, тууранын катадан ажырата алышат. Адам табиятынын ушул өзгөчөлүктөрүнө кээ бир адабияттарда басым жасалып айтылгандыгын байкоого болот.[59] Андай болсо эн таза жана аруу табиятка ээ болгон Аз.Пайгамбардан жогоруда айтылгандардай сөз жана кыймыл аркеттерди көрүүгө болобу?

Аз. Пайгамбардын сүннөтүнүн негизги булагы жөнүндөгү талаш-тартыштарга көз сала турган болсок, биринчи, анын бардык сүннөтүнүн булагы вахий (ыйык кабар) дегендер бар. Экинчилер жарымынын булагы ыйык кабар, ал эми калган жарымынын булагы болсо Аз. Пайгамбардын ижтихады деп айтылат. Чындыгында эле азыркы мезгилде сүннөттүн булагынын кайсынысын ыйык кабарга, кайсынысын ижтихадка байланыштыруу өтө кыйын болгондугуна карабастан[60] кээ бир көрсөтмөлөргө таянып, айрым хадистерди ыйык кабар, кээ бирлеринин да ижтихад булактуу болгондугун айтууга болот. Буларга кошумча ирээтинде үчүнчү булактын да болушу мүмкүн. Ал адамдагы аруу табият. Бул булактан сөз кылуу үчүн, биринчиден, сүннөттүн категориялык жактан ыйык кабарга байланышпоосу жана ошондой эле сүннөттүн ижтихад болбоосу абзел. Ижтихад адамдын ан-сезим функциясынан кийин пайда болгон тыянак. Ошондуктан Аз. Пайгамбардын сүйлөгөн сөзүндө жана кыймыл аракеттеринде эч кандай ыйык кабар менен ой жүгүртүү болбошу керек.

Эбу Саид эл-Худри Аз.Пайгамбардагы уялуу сезимин анын жүрүм турумунда кандайча чагылгандыгын баса белгилей кетүү үчүн: «Пайгамбар, бойго жеткен кыздан дагы уялчак эле. Бир нерседен уялганда, биз аны дароо эле бетинен билет элек»[61] деп айтат. Ошондой эле Жабир бин Семуре, Алла Тааланын элчисинин кээде кээ бир окуяларга күмөндүгүн төмөндөгүдөй түшүндүрөт: «Пайгамбар багымдат намазын окуп бүткөндөн кийин мечиттен күн чыкканга чейин чыкпайт эле. Күн чыккандан кийин ордунан турат эле. Ошол маалда мечитте отургандар карангылык мезгилдердеги окуяларды бири бирине айтышып күлүшөт эле. Пайгамбар дагы жылмайып койчу эле.[62] Кээде ачуусу келгенде бети кызарып кетет болчу. Ал жердегилер Пайгамбардын ачуусу келгендигин дароо сезишет

---

[59] Караныз, Türk Dil Kurumu Sözlüğü, "sağduyu" mad. Ankara-1982, 679-б.

[60] Караныз: İbrahim Mustafa ve Diğerleri, el- Mu'cemu'l- Vasit, Çağrı Yay., İstarnbul-1989, 694-б.

[61] Караныз: Hayri Kırbaşoğlu, İslam Düşüncesinde Sünnet, Fecr Yayınları, Ankara-1993, 1.b., 279-б.

[62] Муслим, Фезаил, 69 (IV, 1809-1810).

эле.[63] Күндөрдүн биринде Аз. Пайгамбар жанына Абдурахман бин Авф, Сад бин Эби Ваккас жана Абдуллах бин Месудту ээрчитип, ооруп жаткан Сад бин Убадени көргөнү келишет. Алар Сад бин Убаденин бөлмөсүнө киришкенде, анын оролуп жаткандыгын көрүштү. Анда Пайгамбар: «эмне өлүп калдыбы?» деп сурады. Ошол замат ал жерде олтургандар: «жоок, эй Алланын элчиси»- деп жооп беришти. Пайгамбарыбыздын ыйлагандыгын көргөн ал жердегилер да ыйлашты. Ошондо Пайгамбар: «Укпадынарбы?» Кудай Таала жүрөктүн кайгырышынан жана көз жаштын төгүлүшүнөн улам кыйнабайт»[64] деп айтты.

Акырында айтаарыбыз Пайгамбардын кээде кубануусу жана кайгыруусу, кээде боор ачуусу жана ачуусунун келиши, кээде уялуусу жана коркуусу, кээде жыныстык энсөөнү канааттандыруусу жана ушул сыяктуу тубаса кыял жорук жана сезимдер менен аркеттенинүүсү тубаса өзгөчөлүктөрдүн анын жүрүм турумунда маанилүү рол ойногондугун көрсөтөт. Аз. Пайгамбардын баласын кучактап өпкөнүн неберелери менен тамашалашып, аларды эркелеткенин, ажал менен алпурушуп жаткан досун көргөндө, көзүнө жаш алып ыйлаганын, кыскасы, булардын баарын эч кандай вахий жана ижтихад менен байланыштырууга болбойт. Анткени булардын баары адам табиятындагы нерелер.

Ооба, Аз. Пайгамбардын ыйык кабар жана ижтихадка байланышпаган сөз жана кылган иштери бар. Ошондуктан кээ бир хадистердин булагы катары Пайгамбардын бардык адамдарда бар болгон тубаса өзгөчүлүктөрүн көрсөтүүгө болот. Ошондуктан хадис сындоолорунда жана хадистердин негизги булагын иликтөөдө адам табиятын жана тубаса өзгөчөлүктөрдү маанилүү эреже курал катары колдонулууга болот. Адам табиятына карама-каршы сезилген кээ бир хадистердин негизи туура болсо дагы, Курандын тегерегинде кайрадан текшерилиши керек. Адамдарга жакпаган кабарларды булардын негизи туура деп, аларга мажбурлап үйрөтүүгө болбойт. Аларды биринчи кезекте жакшылап изилдеп көрүү туура болот. Эгерде изилденип бүткөндөн кийин ал хадис койгон талапка жооп бербесе, анда аны дароо четке кагуу керек.

---

[63] Бухари, Илм, 28(I, 31)

[64] Муслим, Женаиз, 12 (II, 636).